Кочкорбаев айылдык
Кенешинин
06.03.2019 -жыл
№ 108/ XVI -27
токтомуна тиркеме

**Кочкорбаев айылдык аймагынын Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн**
**Коомдук алдын алуу борборунун**
**Уставы**

## 1. Жалпы жоболор

1. Коомдук алдын алуу борбору (мындан ары – КАБ) – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары (мындан ары - ЖӨБО) тарабынан көрсөтүлгөн административдик-аймактык бирдиктердин жана алардын курамына кирген айрым участоктордун, калктуу конуштардын тиешелүү аймактарында укук бузуулардын алдын алууну уюштурууга жана жүргүзүүгө ЖӨБО менен жарандардын биргеликте катышуусу максатында тиешелүү административдик аймакта түзүлүүчү коммерциялык эмес уюм.

2. Коммерциялык эмес уюмдун толук аталышы:
- мамлекеттик тилде: "Чүй облусунун, Ысык-Ата районунун Кочкорбаев айылдык аймагынын Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн" Коомдук алдын алуу борбору" коомдук бирикмеси";
- расмий тилде: "Общественное объединение "Общественно-профилактический центр" "Кочкорбаевского айыл окмоту Кочкорбаевского айылного аймака Ысык-Атинского района, Чуйской области".

Коммерциялык эмес уюмдун кыскартылган аталышы:
- мамлекеттик тилде: "КАБ" КБ".
- расмий тилде: "ОО "ОПЦ".

3. КАБ өз ишин "Кыргыз Республикасындагы укук бузуулардын алдын алуу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын укук бузуулардын алдын-алуу чөйрөсүндөгү башка ченемдик укуктук актыларына, ошондой эле Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге жана ушул Уставга ылайык ишке ашырат.

4. КАБдын иши мыйзамдуулук, ыктыярдуулук, инсанды урматтоо мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана калк менен өз ара аракеттенүү принциптеринде уюштурулат.

5. КАБ өз алдынча юридикалык жак болуп саналат, мамлекеттик жана расмий тилдерде өзүнүн аталышы жазылган мөөрү жана штампы бар.

6. Коммерциялык эмес уюмдун юридикалык дареги: Кыргыз Республикасы, Чүй облусу, Ысык-Ата району, Кенеш айылы, Ленин көчөсү №73.